ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталды.
Протокол №_________
“___” “______”20___-ж

БЕКИТЕМ
ЖАМУнун ректору, т.и.д., профессор К.Ж.Усенов
_________________________
“_____” “__________”2024-ж

# Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАМУНУН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ЭМГЕГИН ЖӨНГӨ САЛУУ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБОСУ

## 1. Жалпы жобо

Жобо Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине, айкалыштырып иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө Жобого ылайык иштелип чыккан (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген 14-март, 2000-жыл, Б. А. 135),

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы үч категорияга бөлүнөт:

- Негизги (толук штаттык кызматкер, бир чендеги кызматкер)
- Башка жогорку окуу жайда, мекемеде, уюмда иштей ала турган айкалыштырып иштегендер, толук эмес ставкадагы кызматкерлер.
- Сааттык эмгек акы менен иштегендер

Негизги (штаттык) педагогикалык кызматкерлерге Б.Осмонов атындагы ЖАМУда иштеген педагогикалык кызматкерлер кирет. Жалгыз иштеген жери Б. Осмонов атындагы ЖАМУ болсо, толук ченде тургандар да, чендин бир бөлүгүндө иштегендер да негизги жумуш орду болуп саналат.

Айкалыштырып иштөө-бул кызматкердин негизги жумушунан бош убактысында эмгек келишиминин шарттарында башка туруктуу акы төлөнүүчү ишти аткарышы. Айкалыштырып иштөө боюнча иш кызматкер тарабынан анын негизги иштеген жери боюнча, ошондой эле башка уюмдарда аткарылышы мүмкүн. Эгерде мыйзамда башкача каралбаса чектелбеген сандагы иш берүүчүлөр менен айкалыштырып иштөө жөнүндө эмгек келишимдерин түзүүгө жол берилет.

Башка уюмга айкалыштырып иштөө боюнча жумушка кабыл алууда кызматкер иш берүүчүгө паспортун же ким экендигин ырастаган документин көрсөтүүгө милдеттүү. Атайын билимди талап кылган ишке кабыл алууда иш берүүчү кызматкерден билими же кесиптик даярдыгы жөнүндө дипломду же башка документти же болбосо алардын тиешелүү түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн, ал эми оор жумушка, эмгек шарттары зыяндуу же кооптуу жумушка кабыл алууда - негизги иштеген жери боюнча эмгектин мүнөзү жана шарттары жөнүндө маалымкатты көрсөтүүнү талап кылууга укуктуу.

Айкалыштырып иштеген адам менен эмгек келишими бул жумуш негизги болуп саналган кызматкерди жумушка алган учурда токтотулат.

Б.Осмонов ЖАМУ аларга окуу жылына программа тарабынан бөлүнгөн жылына 240 саатка чейинки жүктөм фондунун чегинде тиешелүү квалификациясы бар жогорку билими бар адамдарды сааттык акы төлөө шартында педагогикалык ишке тартышы мүмкүн.

Кызматкерлердин негизги иш орду эмгек китепчеси сакталган мекеме болуп эсептелет.

Окутуучунун ишин аныктоочу негизги документ болуп ар бир окуу жылына түзүлгөн жекече план эсептелет.

Пландаштырылган иштерди толук көлөмдө аткарбаган жана аткарбагандыгынын объективдүү себептерин тастыктаган негиздемесин бербеген окутуучуларга тартиптик жаза чаралары колдонулат.

## 2. Эмгек акы

Университетте белгиленген кошумча жана үстөк акылар менен штаттык кызматкерлерге негизги иштеген жери үчүн гана толук көлөмдө эмгек акы төлөнөт. Университеттин негизги иш орду болуп саналбаган айкалыштырып иштегендерге жана саат менен иштегендерге эмгек акы кошумча жана үстөксүз, иш жүзүндө иштеген убактысы үчүн эсептелет.

Сааттык эмгек акы төлөө шарттарында тартылган кызматкерлердин эмгек акысы жетекчинин колу коюлган белгиленген формадагы, өткөн ай үчүн акы төлөөгө иш жүзүндө иштеген убактысы үчүн маалымкат боюнча жүргүзүлөт.

Штаттык профессордук-окутуучулук курам, жетекчи, илимий жана башка кызматкерлер негизги кызмат орду боюнча жумуш күнүнөн тышкары тиешелүү квалификацияга ээ болгон учурда каалаган кызмат орундарында, анын ичинде окутуучулук кызматтарда айкалыштырып иштей алышат. Программаларга бош орундар болгон учурда өндүрүштөн жогорку квалификациялуу адистерди штаттык айкалыштырып иштөө үчүн жылына 0,5 ченемден ашпаган ишке тартууга уруксат берилет.

Айкалыштырып иштеген окутуучу эгерде жекече планда белгиленген окуу ишинин көлөмү башка убакта аткарылса, кызматтык иш сапарынын, негизги иштеген жери боюнча жыл сайын берилүүчү өргүүнүн жана убактылуу эмгекке жарамсыздыктын мезгилинде айкалыштырып иштегендиги үчүн эмгек акы ала алат.

## 3. Жумуштун мөөнөтү

Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык профессордук-окутуучулук курам үчүн жумуш убактысынын кыскартылган узактыгы жумасына 36 саат белгиленет. Аталган саатка окуу, окуу-методикалык, уюштуруу-методикалык, илимий-изилдөө, кесипке багыттоо иштер, тарбиялык жана коомдук иштер кирет.

Айкалыштырып иштөөнүн узактыгы күнүнө 4 сааттан жана жумасына 20 сааттан ашпоого тийиш. Бир айдын ичинде айкалыштырып иштөө боюнча иштин жалпы узактыгы кызматкерлердин тиешелүү категориялары үчүн белгиленген жумуш убактысынын айлык ченеминин жарымынан ашпоого тийиш.

Айкалыштырып иштегендиги жөнүндө маалыматтарды эмгек китепчесине жазуу кызматкердин каалоосу боюнча негизги иштеген жери боюнча иш берүүчү тарабынан жүргүзүлөт.

Эмгек келишимин түзүп жаткан тараптар жумуш жарым-жартылай экендигин так көрсөтүүгө милдеттүү.

Которгон
Тынымбекова К.Т.